профилактикалык текшерүү жыйынтыктары боюнча ишке ашырылган иженердик-техникалык иш-чаралардын комплекси;

техникалык шарттар–техникалык шарттардын иш мөөнөтүн билдирүү суу түтүк-канализациялык тармактарга жана курулмаларга туташууга кепилдендирүүчү жана инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына курулуш объектилерине туташтыруу үчүн аткарыла турган негизги ченемдер жана талаптар, туташтырууга уруксат берилген жүктөө суу түтүк-канализациялык тармактардын жана курулмалардын туташтыруу точкасын аныктоочу документ;

үй ичиндеги суу түтүк-канализациялык тармактарын техникалык тейлөө - үй ичиндеги суутүтүк-канализациялык тармагынын жабдууларын күндөлүк жана кырсыктуу тейлөө, профилактикалык карап көрүүнү өзүнө камтыган иш-чаралар комплекси;

туташуу точкасы – жер участогуна же курулуш объектине жакын курулмалары жана түзүлмөлөрү бар суу түтүк жана канализация тармактарынын кошулган жери, күч келтирүүнү туташтырууга уруксат берүүнү камсыздаган, суукетирүү жана суу камсыздоо тармактарына курулуп жаткан (кайра курулуп жаткан) курулуш объектине кошулуу үчүн зарыл.

көчөдөгү суу топтомо (колонка) - "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ММ таандык суу түтүк тармагындагы ичүүгө жарактуу сууну бөлүштүрүү үчүн иштеген жабдуу;

шартуу таза суулар – жаан-чачын жаагандан, же кардын ээришинин натыйжасында пайда болгон суулар;

борборлошкон суу камсыздоо тутуму –абоненттерге ичүүгө жарактуу сууну бөлүштүрүү, даярдоо, жеткирүү үчүн инженердик курулмалардын комплекси;

борборлошкон канализация тутуму - абоненттерден (субабоненттерден) чогултуу үчүн инженердик курулмалардын комплекстүү объекттерине агым суулардын тазаланышы жана бурулуп кетүүсү, ошондой эле агым суулардын чөгүүлөрүн иштетүү;

1.5. Суу түтүк –канализациялык тармактарда менчиктин же баланстык таандыктын чек арасы белгиленет:

1.5.1. Менчик түрүнө карабай көп батирлүү үйлөр үчүн (ведомстволорго жана турак-жай-курулуш кооперативдерге таандык үйлөрдү чыгарганда) - "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ММ таандык суу түтүк боюнча менчиктин чек арасы үйдүн фундаментинин тышкы дубалы боюнча орнотулат; -канализация боюнча-үйдөн биринчи турган канализациялык кудуктар, аларга канализациялык чыгаруулар туташтырылган. Канализациялык кудуктар "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ММ таандык.